КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ

ТӨРТ-КӨЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТОРТ-КОЛСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Төрт-Көл айылдык кеңешинин VIII-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2025-жылдын 14 -ноябры** **№ 86** **Жылалды айылы**

**Макаренко айылындагы Ж. Макидинов атындагы ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбооруна акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоого Макаренко айылындагы Ж. Макидинов атындагы ички көчөнү капиталдык ондоо (асфальт төшөө) долбооруна акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы З. Осмоновдун 2025-жылдын 10–ноябрындагы №1395 сандуу билдирүүсүн карап, финансы, экономика, бюджет, экономикалык жактан өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо жана инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 12-ноябрындагы корутундусуна ылайык Төрт-Көл айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Макаренко айылындагы Ж. Макидинов атындагы ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбооруна дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоого Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинен капиталдык оңдоо 3111-беренесинен өздүк салым үчүн 478527,0 (төрт жүз жетимиш сегиз миң беш жүз жыйырма жети) сом бөлүнүп берилсин.
2. Макаренко айылындагы Ж. Макидинов атындагы ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбоорун иш жүзүнө ашыруу жагы Төрт-Көл айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы, экономика, бюджет, экономикалык жактан өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо жан инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **М. Тажибаев**